“Бекитемин”
мектеп директору
Абсаматова Н.А.

## Мектеп дежурствосу жөнүндө жобо

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Жобо мектептин Уставынын негизинде жазылган.

1.2. Мектепте дежурствосу 8-11-класстары менен бирге класс жетекчиси, дежур мугалим, дежур администрация менен бирге макулдашылып, график түзүлөт.

1.3. Дежур болгон класс бир жумадагы тартипке көз салат: мектептеги тартип бузууларды, сабактан калуу,сабакка кечигип келүү,сабактан качуу боюнча маалыматтарды линейкада билдирет (дежур администрациянын катышуусунда).

1.4. Дежурлар сабак башталганга чейин 30 минута эрте дежурствону башташат.Дежур класстын, дежур мугалимдин, класс жетекчинин, дежур администрациянын төшүндө таза бейджиги болушу зарыл. Дежур болуунун астында класс жетекчи жана дежур администрация башчысы менен биргеликте дежур класс мектепте эртен мененки зарядканы уюштурат (дежур мугалим зарядка жасатат).

1.5. Дежур мугалим дежурство журналын өз убагында толтуруп турат.

2. **Мектепте дежурствону дежур болгон класс уюштурат жана өткөрөт.**

2.1. Жалпы жобонун регламенти боюнча мектеп дежурствосу: дежур администрация , дежур мугалим, дежур класс жетекчинин болушу менен мектепте тартипти коёт жана ички тартипти уюштурат.

2.2. Мектепте дежур болгон мугалим окуучулардын жана педколлективдин өмүрүнүн коопсуздугун камсыздоого, мектепте сабактардын үзгүлтүксүз регламенттин негизинде өтүүсүнө, ички тартиптин сакталуусуна көз салат.

2.3. Дежур мугалим КР “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын,Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик

документтеринин,Мектептин уставынын жана локалдык нормативдүү актылардын,Эмгек кодексинин негизинде иш жүргүзөт.

2.4. 1-нөмөттө 5-11-класстарынын окуучулары дежур болгон учурда класс жетекчиси, дежур мугалим,администрация да дежур болот.2-нөмөттө башталгыч класстарда дежур мугалим,администрация да дежур болот.

2.5. Дежурствонун графиги сентябрь айынын башында I жарым жылдыкка жана январь айынын башында II жарым жылдыкка түзүлөт.Чейрек ичинде дежурствонун графиги корректировка болушу мүмкүн,себеби дежур мугалимдин «Эмгекке жараксыздык баракчасына » чыккандыгына байланыштуу, район-шаардык алкактагы ачык сабактарга, семинарларга, өз билимин жогорулатуу курстарына кеткен учурларда дежурствонун графиги өзгөртүлүп, мектеп директору бекитет.